КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
АКНАЗАРОВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АКНАЗАРОВСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# Т О К Т О М

2026-жылдын 12-августу №42 Кызыл-Октябрь айылы

**Көчөгө ысым ыйгаруу жөнүндө**

Акназаров айыл аймагынын айылдык кеңешинин 33-чакырылыштагы депутаттарынын 2026-жылдын 12-августундагы кезектеги 17-сессиясы Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасындагы географиялык аталыштар жөнүндө" мыйзамын жетекчиликке алып, Акназаров айыл аймагынын Маданият айылынын тургуну С.Тургуновдун ,ошол көчөнүн жашоочуларынын жана Молдогазы Урмарал атындагы орто мектебинин педагогикалык жамаатынын кайрылууларын угуп жана талкуулап чыгып токтом кылат:

1.Акназаров айыл аймагынын Маданият айылынын тургуну С.Тургуновдун, ошол көчөнүн жашоочуларынын жана Молдогазы Урмарал атындагы орто мектебинин педагогикалык жамаатынын кайрылуулары канааттандырылсын.

2. Маданият айылынын Казак Чыналиев көчөсүнөн бөлүнгөн Эшеналиев Акматтын үйүнөн баштап Айтбек кайрылышына чейинки Бакай-Ата айылына кеткен асфальт көчөгө Абдалы Акматалиевдин ысымы ыйгарылсын.

3.Маркум Абдалы Акматалиевдин балдары көчөсүнүн иш-чараларына жардам көрсөтүшсүн.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Акназаров айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Доулбековго жүктөлсүн.

5. Айылдык кеңештин жооптуу катчысы ушул токтомду Акназаров айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыяласын,каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсүн ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Талас облустук башкармалыгына жөнөтсүн .

6..Ушул токтом Кыргыз Республикасынныын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **А.Коккозов**